КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I-чакырылышынын IX-кезектүү сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2025-жылдын 12-ноябры** **№87** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 29-мартындагы № 9 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Барскоон айылынын тургуну Мухамедий уулу Нурадилдин Барскоон айыл аймагынын жерди колдонуу картасынын №479 контурундагы жалпы 1,89 га сугат айдоо жеринин 0,49 га жер тилкесине логистикалык курулуштарды куруу үчүн берилген жердин контурун өзгөртүп берүү тууралуу жазган кайрылуусун карап, талкуулап чыгып Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2023-жылдын 29-мартындагы №9 токтомуна техникалык ката кетирилгенине байланыштуу, Барскоон айыл аймагынын жерди колдонуу картасынын “№479” контуру “№584” деп өзгөртүлсүн.
2. Ушул токтом тиркемеси менен Барскоон айыл аймагынын веб-сайтына жарыялансын.
3. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемеси менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Л.М.Элебесов) тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска